**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ**
**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

Д 13.20.618 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
**УДК 371.13 (575,2) (043.3)**

**УМАРОВА РИТА НУРДИНОВНА**

# КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТУУ ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫНДАГЫ КЫЗ БАЛДАРДЫ СОЦИАЛДАШТЫРУУ СИСТЕМАСЫ

**13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы**

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2021**

Диссертациялык иш КР Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн гуманитардык жана аймактык илимий изилдөөлөр институтунда аткарылды

**Илимий жетекчи**: **Алимбеков Акматали** – педагогика илимдеринин доктору, профессор Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин педагогика кафедрасынын башчысы

**Расмий оппоненттер:** **Муратов Абдыкерим Жаркынбаевич** – педагогика илимдеринин доктору, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын профессору

**Найманбаев Муктарбек Жумашович** – Жалал-Абад мамлекеттик университенинин педагогика жана психология кафедрасынын доценти.

***Жетектөөчү мекеме:*** Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жогорку мектеп педагогика кафедрасы (Дареги: Бишкек ш., Фрунзе көч., 543).

Диссертациялык иш 2021-жылдын 19 ноябрында, саат 13.00до И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча Д 13.20.618 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот (дареги: 720026, Бишкек шаары, Раззаков көчөсү, 51).

Диссертациялык иш менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (дареги: 720026, Бишкек шаары, Раззаков көчөсү, 51) жана Кыргыз билим берүү академиясынын (дареги: 72000, Бишкек шаары, Эркиндик бульвары, 25). Илимий китепканаларынан жана дискеңештин сайтынан таанышууга болот (www.arabaev.kg).

Автореферат 2021-жылдын 18-октябрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештинокумуштуу катчысы,**
**педагогика илимдеринин доктору, профессор: Дюшеева Н.К.**

# КИРИШҮҮ

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Кыз балдарды социалдаштыруу боюнча элдик педагогикалык баалуулуктарды изилдөөнүн актуалдуулугу азыркы кыргыз коому туш болгон татаал жана карама-каршылыктуу процесстер менен туташ биримдикте каралат. Соңку жылдардагы кыргыз коомундагы социалдык-экономикалык кризистик кырдаалдардын натыйжасында аялдар арасында өзүнүн табигый тукум улоо функциясына кайдыгерлик алкоголизм, наркомания, кылмышкерлик, аягы суюуктук, айрыкча өспүрүм кезинен никесиз боюна бүтүп, боюнан алдыруу, венерикалык ооруларга чалдыгуу сыяктуу улуттук нарк салттарга жат илдеттер аялдардын «Улуттук адеп салттын уюткусу», «Үй бүлөнүн куту» деген кылымдап түптөлүп калыптанган баалуулуктарына көрүнөө көлөкө түшүрүүдө.Ушундан улам азыркы мектеп коомчулук алдында ден-соолугу чың, акыл парасаттуу, адеп нарктуу кыз балдарды тарбиялоо коомдун, улуттун руханий-маданий саламатчылыгын коргоо, сактоо, чыңдоонун стратегиялык маселелери катары каралууда. Бул маселенин актуалдуулугу “Кыргыз Республикасында балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө” мыйзамында жана Кыргыз Республикасынын Президентинин “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуу жөнүндө” Жарлыгында (2021) өзгөчө белгиленген. Билим берүү уюмдарында таалим-тарбия ишине гендердик мамиле жасоо боюнча айрым программалар иштейт. Бирок, алардын мазмунун конструкциялоодо этномаданияттын аялзатын социалдаштырууга байланыштуу аксиологиялык потенциалы жетишээрлик даражада эске алынбай келет.

Таалим-тарбия ишинде тарыхый улуттук баалуулуктарды этибарга албоо муундар ортосундагы руханий байланышты бошоңдотот, руханий жакырчылыктын тамыр жайышына алып келээри өткөн доорлордун агартуучу, аалымдары Я.А. Коменский (91), К.Д. Ушинскийлер (181) өзгөчө белгилешкен. Педагогика илим корунда ар түрдүү улуттардын салттуу педагогикалык маданиятынын тарыхы, азыркы таалим-тарбия ишиндеги ордуна арналган А. Алимбеков (13), И.Ф. Афанасьев (26), Х.Х. Батчаева (31), Г.Н. Волков (43), А.Э. Измайлов (67), А.Т. Калдыбаева (76), О.Д. Мукаева (124), Т.В. Панкова (142), Я.И. Ханбиков (183), З.Б. Цаллагова (188), И.А. Шоровдордун (191), изилдөөлөрү бар.

Түрдүү улуттардын салттуу педагогикасындагы кыз балдарды тарбиялоонун тажрыйбаларын чагылдырган эмгектердин катарына Л.А. Арутюнованын (армян) (23), Р.И. Омарова (дагестан) (136), А.С. Семенова (карачай) (166), Я. Рахманова (өзбек) (156), Л.А. Тагировалардын (башкыр)

(175) изилдөөлөрүн кошууга болот. Кыргыз этнопедагогикасына таандык айрым эмгектерде (А. Алимбеков (13), Н.А. Асипова (24), С.О. Байгазиев (28), А.Э. Измайлов (67), С. Иптаров (70), А.Т. Калдыбаева (76) кыз балдарды тарбиялоо жана социалдаштыруунун айрым аспекттери учкай талдоого алынган. Бирок, азырынча кыргыз элинин кыз балдарды социалдаштыруу боюнча тарыхый тажрыйбалары атайын изилдене элек.

Ошентип, бул чөйрөдө кыргыз элинин Аялзатын социалдаштырууга байланыштуу салттуу билимдеринин потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүнүн байлыгы, аларга карата муктаждыктардын бардыгы менен андай изилдөөлөрдүн жетишсиздиги жана ошондой эле кыз балдарды социалдаштырууда ал баалуулуктарды колдонуунун илимий – методикалык негиздеринин иштелип чыкпагандыгынын ортосунда обьективдүү **карама-каршылык** жашап келет. Теманы тандоо дал ушул жагдайлардан уңгуланып, анын проблемасы кыргыз элинин салттуу тарбия маданиятындагы кыз балдарды социалдаштыруунун идеалдары, факторлору, салттуу методдору жана ыкмалары кандай болгон? – деп тариздelди.

Белгиленген проблема «Кыргыздардын салттуу педагогикалык маданиятындагы кыз балдарды социалдаштыруу системасы»- аттуу темада илимий изилдөө жүргүзүүгө түрткү болду.

**Диссертациянын темасынын илимий мекемелердин жүргүзгөн негизги илимий-изилдөө иштери, ири илимий программалар менен болгон байланышы.** Диссертациялык иштин темасы КР Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн гуманитардык жана аймактык илимий изилдөөлөр институтунун жана Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин педагогика жана психология кафедрасынын илим-изилдөө иштеринин тематикалык планы менен байланышкан.

**Изилдөөнүн максаты:** кыргыз элинин салттуу тарбия маданиятындагы кыз балдарды социалдаштыруунун идеалдарын, факторлорун, методдорун каражаттарын жана алардын трансмиссиясын ачып көрсөтүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Кыргыздын салттуу педагогикалык маданиятында аялзатын социалдаштыруунун элдин байыркы ишеним ынанымдарына негизделген максат, милдеттери, түпкү натыйжалары жалпыга айкын үй-бүлө турмушу менен тутумдаш системасын ачып көрсөтүү.

2. Кыргыз элинин салттуу педагогикалык маданиятындагы аялзатын социалдаштыруунун негизги баалуулуктарын жана аларды курактык баскычтар боюнча калыптандыруунун өзгөчөлүктөрүн айкындоо.

3. Кыргыз элинин салттуу педагогикалык маданиятындагы кыз балдарды социалдаштыруунун факторлорун, методдор жана каражаттарын айкындоо.

4. Кыз балдарды социалдаштыруу боюнча салттуу билим жана тажрыйбалардын азыркы шарттагы трансмиссиясын изилдөө.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү:**

**1.** Кыргыздардын аялзатын социалдаштыруунун байыркы культтук ишенимдери менен салттуу жашоо турмуш образына шайкеш идеалдуу жана реалдуу баалуулуктарынын көп кырдуу мазмуну тарыхый этнопедагогикалык жактан ачыкталды.

**2.** Кыргыздардын салттуу педагогикалык маданиятындагы аялзатынын социалдык ролдук функцияларына шайкеш куractык шкалалары боюнча социалдаштыруунун этаптары өз ара тутумдаш өнүгүш абалындагы система катары ачылып көрсөтүлдү.

**3.** Кыргыздардын салттуу педагогикалык маданиятындагы аялзатын социалдаштыруунун доминанттык факторлору, методдору каражаттары мүнөздөлдү.

**4.** Кыргыз элинин кыз балдарды социалдаштыруу салттарын азыркы коомго трансмиссиялоонун абалы, проблемалары айкындалды.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү.** Изилдөөнүн натыйжалары төмөнкүдөй чөйрөлөрдө колдонулушу мүмкүн: этнопедагогика илиминде кыз балдарды тарбиялоо проблемасынын жаңы аспекттерин изилдөөдө; улуттук тарбиянын негизги (базалык) баалуулуктарын жана орто мектепте кыз балдарды тарбиялоонун программасын иштеп чыгууда; жогорку окуу жайларда “Кыргыз этнопедагогикасы” жана башка педагогикалык дисциплиналардын мазмунун өркүндөтүүдө.

**Изилдөөдөн келип чыккан корутундулардын ишенимдүүлүгү жана жыйынтыктардын негиздүүлүгү** алдыга коюлган милдеттерге шайкеш методологиялык принциптер жана методдор аркылуу маалымат топтоо жана аларды ар тараптан анализдөө аркылуу камсыздалган.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. Кыргыздарда кыз балдарды социалдаштыруунун максаты жана мазмуну аларда татыктуу жар жана эне катары улуттук масштабдагы максималдуу өрнөк, үлгү, идеал катары кабылданган “Үйдүн куту, акыреттик жар”, «Сырткы ажар менен жан дүйнө аруулугунун шайкештиги», “Айлакер акылман, тил билгилик”, “Кайын журтунун улуу кичүүлөрүнө ызаатчыл, сыйчыл насил”, “Тууган аралык биримдиктин данакери”, “Кең пейилдик, колу ачыктык”, “Жайыл дасторкон, меймандостук”, “Мээрман энелик, табийгый тарбиячылык», “Мээнеткечтик, чебер уздук”, “Баатырдык насил” сыяктуу сапаттардын калыптандырылышын камсыз кылууга багытталган.

2. Кыргыздардын салтуу педагогикалык түшүнүгүндө социалдаштыруу өмүр жашынын бардык баскычтарында тынымсыз өзгөрүп, өнүгүп туруучу кубулуш катары каралган. Кыз балдарды социалдаштыруунун курактык

шкалаларынын мазмуну жана структурасы курактык баскычтарынын баарын камтып аны ар тараптан кыз бала, өмүрлүк жар, эне катары калыптанышынын логикасы, программасы катары кызмат кылган.

3. Кыргыздардын салттуу педагогикалык маданиятында ар бир курактык баскыч кыз балдардын физиологиялык, психологиялык, руханий адептик, социалдык жүрүм-турумга көнүгүшүнүн, эмгекке турмушка даярдыгынын баскычтары катары каралып олуттуу камкордуктун обьектиси болгон. Социалдаштыруунун салттуу программасын жүзөгө ашырууда эне тил, фольклор, киндик кан тамган жердин табияты, эмгек, үй бүлө жана анын тиричилик уклады, элдик салттар, жөрөлгөлөр, коңшулар, теңтуштук топтор, балдар оюндары, коомдук көзөмөл сыяктуу факторлор доминанттык мүнөзгө ээ болгон. Кыз балдарды салттуу турмушка социалдаштыруу алардын акыл парасатын, түшүнүктөрүн тереңдетип, ишенимдерин бекемдөө, изги, өрнөк жүрүм-турумун адат катары калыптандыруу, стимулдаштыруу сыяктуу методдор аркылуу камсыздалган.

4. Кыргыз коомунунун тарыхында көчмөн салттуу турмуштан соң ислам дининин кириши кыз балдарды социалдаштыруунун мазмунун төп келип байытса, советтик коомдун идеологиялык догмалары түптүү салттардын тамыр жайышын чектеген. Учурдагы социалдык - маданий кризистерден улам кыз балдарды социалдаштыруунун улуттук идеалдарынын уламалуулугун камсыз кылууда билим берүү уюмдарынын иш чаралары коомдук талаптарга адекваттуу болбогондуктан, бул иш негизинен үй-бүлөлөрдүн таалим-тарбия ишмердүүлүгүнөн көз каранды болуп келүүдө.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертациялык изилдөөнүн илимий натыйжалары, коргоого сунушталган жоболор кыз балдарды социалдаштыруу проблемаларын тарыхый этнопедагогикалык өңүттө талдоонун негизинде диссертант тарабынан жеке иштелип чыккан

**Изилдөөнүн натыйжаларын тастыктоо (апробациялоо)** жана практикада пайдалануу, жыйынтык-корутундуларын ишке ашыруу Ош Мамлекеттик педагогикалык университетинин педагогика жана психология кафедрасынын, Окумуштуулар кеңешинин жыйындарында республикалык илимий-практикалык конференцияларда, тема боюнча ОшМПУнун студенттерине, мугалимдердин билимин өркүндөтүү курстарына, методсекцияларда окулган докладдар, лекциялар аркылуу илимий методикалык жобо-концепцияларыбыз, корутундуларыбыз туура жана теориялык жактан ынанымдуу, методологиялык жактан негиздүү экендиги тастыкталды.

**Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын жарыяланышы:** Изилдөөнүн багыты боюнча 11 илимий макала, анын ичинен эки макала Россия федерациясынан чыгарылган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш кириш сөздөн, үч главадан, жалпы корутундудан, адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациялык иштин толук көлөмү –155 бет. Ал 3 сүрөттү камтыйт. Пайдаланылган булактардын саны – 197.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилдөөнүн актуалдуулугу, максаты, милдеттери аныкталып, илимий жаңылыгы, практикалык баалуулугу, изденүүчүнүн жеке салымы, коргоого алынып чыгуучу жоболор, изилдөөнүн жыйынтыгынын апробацияланышы, илимий иштин түзүлүшү чагылдырылган.

Диссертациялык изилдөөнүн **биринчи главасы "Кыргыз элинин салттуу педагогикалык маданиятындагы кыз балдарды социалдаштыруу маселесин изилдөөнүн теориялык аспектилери"** – деп аталып анда изилдөөнүн түйүндүү түшүнүктөрдүн маани-маңызы такталып, изилдөөгө өбөлгө болгон принципиалдуу илимий методологиялык жоболор жана маселеге байланыштуу мурдагы аткарылган илимий адабияттарга обзор берилди.

Бул базалык түшүнүктөрдүн маани-маңызын, жалпы философиялык, социологиялык, психологиялык негиздерин талкуулоодо М. Мид (118), Э. Дюркгейм (58), А. Тешвел (179), Ч. Кули (98), Г.М. Андреева (21) А.В. Петровский (151), А.В. Мудрик (122), Н.А. Асипова (24), М. Мурзаев (127) жана башкалардын эмгектери өзгөчө мааниге ээ. Алардын негизинде социалдаштырунун "индивиддин социалдык чөйрөгө кирүү процесси", "ага социалдык таасирлердин сиңирилиши", "индивидди социалдык мамилелер системасына кошуу" сыяктуу маанилери бөлүнүп көрсөтүлдү. Социалдаштырууну этномаданият алкагында маданий мурастарды муундан муунга өткөрүп берүү, чоңдордун жана балдардын жүрүм-турумунун социалдык нормаларга дал келиши катары М. Мид (118), Г. Гарфинкель (47) сыктуу маданият антропологдордун көз караштары социалдаштыруунун этномаданий параметрлерин таанууга негиз болду. Педагогика тарыхында этномаданият чөйрөсүндө социалдаштыруу түшүнүгү өз алдынча каралбаса да дээрлик бардык доордун педагог классиктеринин (Я.А. Коменский (91), А.В. Дистервег (54), К.Д. Ушинский (181), Л.Н. Толстой (177), С.Т. Щацкий" (190) ж.б.), эмгектеринде турмуш-тиричилик жана элдик маданият коом мүчөсүн жетилдирип өнүктүрүүнүн башкы фактору катары белгиленет. Ал эми этнопедагогикалык изилдөөлөрдө (Г.Н. Волков (43), Я.И. Ханбиков (183), О.В. Хухлаева (187), Н.В. Максименко (104), М.С. Яницкий (196), А. Алимбеков (13)) этникалык социалдаштыруунун каражаттары талдоого алынган. Изилдөөнүн логикасына ылайык этникалык социалдаштыруу түшүнүгүн тактоо зарылдыгы келип чыгып аны И.С. Кон (93), М. Мурзаев

(127), Н.А. Асипова (24) сыяктуу изилдөөчүлөрдүн эмгектерине таянуу менен *этникалык социалдаштыруу түшүнүгүн* индивидди өзү мүчө болгон улуттун, коомдун руханий баалуулуктарына, социалдык тажрыйбасына ээ кылуу жана аны өзүнүн жүрүм-туруму аркылуу кайра жаратуу аркылуу эл катарына кошуу катары айкындадык. Арийне, социалдаштыруу түшүнүгү салттуу маданияттан обочодо коомдук илимдердин өнүгүш, жиктелиш мезгилине таандык теориялык туюнтма. Бирок, социалдаштыруу практикасы адамзаттын жамаат катары жашай баштаган байыркы мезгилинен баштап өнүгүп келе жаткандыктан кыргыздардын салттуу педагогикалык маданиятында анын маани-маңызына жакын айрым концепттер, түшүнүктөр кездешет. Жалпылап айтканда "социалдаштыруу" кыргыз тилиндеги *"торолтуу", "кемелине келтирүү" "эрезеге жеткирүү", "баралына толтуруу", "эл катарына кошуу"* концепттеринин маңызы менен өзөктөш болсо, "социалдашуу" *"адам болуу", "эл катарына кошулуу", "киши болуу"* түшүнүктөрүнө жакын.

Кыргыз коомундагы аялдардын орду тууралуу сөз болгондо кыргыз жерин кыдырган чет элдик илим жана маданият өкүлдөрүнүн жазгандары өзгөчө кызыгууну жаратат. Алардын эскерүүлөрүнөн төмөнкүдөй кыргыз коомундагы аялдардын орду тууралуу төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот: эркектер үй-бүлө башчысы катары эсептелгени менен иш жүзүндө аялдын күйөөсүнө болгон таасири күчтүү болгон. (В.П. жана М. Наливкиндер (133); кыргыз коомунун чарбасы жана үй тиричилиги аял менен эркектин тең укуктуулугуна негизделген С.М. Абрамзон (2), Ф Рокка (157); кыргыз аялдары эркектерден обочолонуп өзгөчө шартта болбой көпчүлүктүн ичинде да өз оюн айта билген Ч. Валиханов (41); кыргыз аялы - мыкты чабандес, укмуштай кызматчы жана меймандардын чөйрөсүндө өтүмдүү аял (И.П. Ювачев (194)); кыргыз коомунун маданияты (элдик салттар, оюн зооктор) аял менен эркектин паритеттүү ролдук маданиятынын түптөлүшүнө негиз болгон. Кыргыз этнопедагогикасы боюнча айрым изилдөөлөрдө (Б. Апышев (22), Т. Ормонов (138), С. Саипбаев (163), Х. Анаркулов (19), Н. Имаева (68), А. Калдыбаева (78), А. Алимбеков (12), Ж. Орозбаев (139), С. Иптаров (70) социалдаштыруу анын ичинде кыз балдарды тарбиялоо жана социалдаштыруу боюнча айрым фрагментардык маалыматтар кездешет. Бирок, аялзатын соцалдаштыруунун тарыхый этнопедагогикалык аспекттери дээрлик колго алынган эмес.

**Экинчи глава "Кыргыз элинин салттуу педагогикалык маданиятындагы кыз балдарды социалдаштыруу маселесин изилдөөнүн методдору жана материалдары"** – деп аталып анда аталган кубулушту изилдөөнүн методологиялык прициптери, методдору жана алынган натыйжалар талдоого алынган. Салттуу тарбия маданиятынын тарыхы көп

илимдерде каралганы менен, тикеден тике этнопедагогикага анын тарыхый этнопедагогикага таандык илим аймагы экендигин бир катар окумуштуулар (Г.Н. Волков (43), А. Алимбеков (13), О.В. Хухлаева (187), Н.В. Максименко (104)) тарабынан тастыкталган. Биздин изилдөөбүздүн **обьекти**си – кыргыз элинин салттуу тарбия маданиятындагы жаш муундарды социалдаштыруу тажрыйбалары.

Изилдөөнүн **предмети:** кыргыз элинин салттуу тарбия маданиятындагы кыз балдарды социалдаштыруу тажрыйбалары жана алардын азыркы таалим-тарбия мейкиндиктеги трансмиссиясын изилдөө.

Биздин изилдөөбүз, этникалык маданияттагы социалдаштыруу жана тарбиялоонун тарыхына байланыштуу болгондуктан, бул проблеманы изилдөөгө адекваттуу парадигмалык жана тарыхый-цивилизациялык, обьективдүүлүк, системдүүлүк, историографиялык сыяктуу принциптерге негизделип, этнопедагогикалык, этносоциологиялык илимдеги методологиялык принципиалдуу жоболорду, жетекчиликке алууну талап этти:

– тарыхыйлуулук принциби – кыз балдарды социалдаштыруу тажрыйбаларын тарыхый шарттардын чегиндеги уникалдуу кубулуш катары аңдоого,

– когнитив-реконструкция принциби – фольклордук чыгармалардагы образдардан, санат, үлгү ырлары же каада салт ырларынан кыз балдарды социалдаштырууга байланыштуу “таза педагогикалык билимдердин” системасын реконструкциялап чыгууга мүмкүнчүлүк берди;

– обьективдүүлүк принциби – кыз балдарды социалдаштыруунун тарыхына байланыштуу акыл ойлор менен тажрыйбаларды баалоодо субьективдүүлүктөн чектеди;

– системдүүлүк прицибин жетекчиликке алуу, маселени кыргыз эл педагогикасындагы бардык кубулуштар менен бир контекстте кароого мүмкүнчүлүк берди;

– тарых наамалык принциптин негизинде изилдөө милдеттеринин кайсынысы болбосун, ал маселенин илимдеги каралыш абалы тууралуу илимий адабияттар анализи менен коштолду.

Коюлган максат милдеттердин өтөөсүнө чыгуу илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн, обьективдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн тарыхый этнопедагогикалык изилдөө тармагында сыноодон өткөн бирдикте фольклордук жана жазылуу материалдарды, этнографиялык фактыларды топтоп, жыйнап аларды талдоо ачыктоо, интерпретациялоо контент – анализ жана герменевтикалык анализ, эл ичинде, жаштар арасында сурамжылоо сыяктуу методдор аркылуу жүзөгө ашты.

Диссертациянын экинчи главасынын биринчи параграфында изилдөөнүн биринчи милдети, б.а. кыргыздын салттуу маданиятында аялзатын социалдаштыруунун элдин байыркы ишеним ынанымдарына негизделген максат, милдеттери, түпкү натыйжалары жалпыга айкын үй-бүлө турмушу менен тутумдаш системасы бар экендиги ачылып көрсөтүлдү.

Кыргыздардын аялзатын социалдаштырууга карата көп кырдуу руханий - аксиологиялык ченемдеринин тамыры алардын түпкүр тереңдиги архетиптик-мифологиялык, культтук байыркы маданиятынын катмарына барып такалат. Кыргыздар узак кылымдар өзүнүн дүйнө таанымында жашоо турмуштун бакубаттыгын, толуктугун аялдын куту, асылдыгы менен туташ биримдикте карашып "Дүйнө түркүгү", "Үйдүн куту", "Умай эне" сыяктуу бүгүн да тарбиялык маани-маңызын жогото элек руханий-ыймандык аруулукту туюнткан метафора-символдорду жаратышкан. Мындай ой туюмдары "Аял жакшы эр жакшы, увазир жакшы хан жакшы", "Жакшы аял жаман эркекти орто кылат, орто эркекти жакшы кылат, жакшы эркектин даңкын чыгарат", "Биринчи байлык ден - соолук, экинчи байлык ак жоолук", "Алысты жакын кылган кыз, ачууну таттуу кылган туз", "Аталуу жетим арсыз жетим, энелүү жетим эрке жетим" сыяктуу макалдарда таасын чагылдырылат.

Изилдөөнүн натыйжалары кыргыздар өз коомунун мүчөсү катары социалдашуу процессин баштан кечирип жаткан аялзатына карата идеалдык талаптарды акыл эсинде белгилеп, бекемдеп, улам өркүндөтүп, сактап социалдаштыруунун практикасы үчүн образ, үлгү формасында тариздеп келишкендигин көрсөттү.

Кыргыздарда аялдарды социалдаштыруу идеалдары тууралуу сөз кылганда, улуттук аң-сезим менен салттуу турмушта бекем орун алган эки аспекттин көңүл сыртынан чыгарбай коюуга болбойт. Даанышмандык, калыстык, тапкычтык, айлакерлик сапаттары менен эпостордо жана реалдуу турмушта жашап келген Чыйырды, Каныкей, Айчүрөк, Акыл Карачач, Айганыш, Кенжеке, Жаңыл Мырза сыяктуу аялзаттарынын идеалдары. Алардын ичинен улуттук руханий дүйнөдө алган даража орду жагынан Каныкейдин образы менен эч ким теңдешпейт. А. Алимбеков белгилегендей: "Эл Манастын образы аркылуу эркектердин идеалын жаратса, Каныкейдин образына өрнөктүү аялзаты жөнүндөгү түптүү түшүнүктөрүнүн баарын түгөлдөп жыйнаган" [А. Алимбеков, Кыргыз этнопедагогикасы. – Б.: КББИ, 1996. – 56-б.].

Бул талаптар жалпы негизде "Ак жоолук делбир", "Ак көрпө жайыл ургаачы", "Жабуулуу кара инген" – деген түшүнүктөрдө синтезделген. Буга байланыштуу «Манас» эпосунда: «Ак көрпө жайыл ургаачы, Аты элге дайын сындачы. Жабуулуу катар кара инген. Жакшысы элге билинген» - деген туюнтмалар кездешет.

Бул жалпы идеалдык баалуулуктар социалдаштыруу процессинде Аялзатынан күтүлгөн социалдык нормалардын же жүрүм-турум эталондорунун көрсөткүчтөрү катары катталып, дифференцияланып макалдардан баштап “Манас” сыяктуу үлкөн дастандарга чейинки бардык салттуу билим булактарында чагылдырылып улам жаңы муундун акыл элегинен өтүп, кошумчаланып өркүндөтүлүп олтурган.

Изилдөө процесси аялзатына таандык социалдык этикалык нормаларды түрдүү сапаттардын курамынан турган өзүнчө көрсөткүчтөр катары мүнөздөөгө болоорун көрсөттү. Бирок, бул көрсөткүчтөр көчмөн кыргыздардын социалдык турмушуна тамырланып дүйнө тааным, ой жүгүртүү интуициясына негизделген. Алар тармакка жиктелип мазмуну көп кырдуу болгону менен анын курамына кирген сапаттык белгилер ич ара байланышта бири-бирин бекемдеп, шарттап турат. Ошону менен бирге ал критериалдык көрөткүчтөр “көмүскө билим” (М. Полани) катары үзүк кесик фрагмент кыязында салттуу турмуштагы социалдык карым катыштарга, демейки маданий кубулуштарга чырмалышып жашап фольклордук тексттерде азыркы терминдер сымал тек бир сөздөн туруп, кубулуштун табиятын тике чечмелөө мүмкүнчүлүгүнөн алыс, көбүнесе *фразеологизм, афоризм, императив, эпитет* формасында кездешет.

Кыргыздардын салттуу маданиятындагы аялзатына таандык ошондой көрсөткүчтөрдүн тарам-тармактары катары төмөнкүлөрдү эсептөөгө болот: “Үйдүн куту, акыреттик жар”, «Сырткы ажар менен жан дүйнө аруулугунун шайкештиги», “Айлакер акылман, тил билгилик”, “Кайын журтунун улуу кичүүлөрүнө ызаатчыл, сыйчыл насил”, “Тууган аралык биримдиктин данакери”, “Кең пейилдик, колу ачыктык”, “Жайыл дасторкон, меймандостук”, “Мээрман энелик, табигый тарбиячылык», “Мээнеткечтик, чебер уздук” (1-сүрөт).

“Үйдүн куту, акыреттик жар”. Кыргыз түшүнүгүндө аялзаты – үй-бүлөнүн куту, ырыс кешиги, эр бүлөнүн жакшылык менен жамандыкты, ак менен караны, кубаныч менен азап-тозокту, жыргал менен кууралды тең бөлүшкөн жан күйөр адамы, эң жакын көргөн сүйгүнчүгү, өмүр шериги, жан жолдошу, акыреттик жары. Мындай аялдар акыреттик жар катары үйдө эркек, ата кадырын калыптап ал аркылуу балдарды тарбиялоонун күчтүү каражатын камсыздап айланадагылардын сыйына арзыган. Башка элдер сыяктуу эле аялзаты дегенде, анын сырткы сымбатына, ажарына өзгөчө маани берип, аны сулуулук менен асылдыктын башаты катары сыпатташкан. “Түстүүдөн түңүлбө” – деген накыл дал ушул эстетикалык критерийди эске алууну шарттайт.




**1-сүрөт. Кыргыздарда аялзатын социалдаштыруунун идеалдык көрсөткүчтөрү.**

Бирок, сырткы келбет жан дүйнө аруулугу менен айкалышса гана мааниге ээ болгон. Алсак, кыргыздардагы “Арууке” ысымы байыркы түрк тилинде “ару” деген сөз “таза”, “тунук”, “марттык” деген мааниде колдонулган. (Р. Сарыпбеков) Кыргыздар аял затынын *айлакер акылман, тил билги болушуна өзгөчө маани беришип* үй-бүлө күтүп жар тандоодо кыздардын акылы зирек, парасаттуулугуна маани беришкен. Буга байланыштуу кыргыз фольклорунда “Акылдуу”, “Акылга терең”, “Акылы артык”, “Адамдан бөлөк акылы”, “Ою терең, “Оюн терең жиберип”, “Үзүлгөнүн улаган”, “Ыраазы кыла сөз айткан” – деген эпитеттер арбын учурайт. Кыргыздар “Эстүүнү эне тут” – дешип ар бир айылда акыл парасаты жогору аялдарды өзгөчө ардакташкан. Кыргыз элинде мындай сапаттардын үлгүсү катары улуттук масштабда Акыл Карачач, Каныкей ал эми локалдык чөйрөдө Курманжан датка сыяктуу аялдар образ – ориентир катары калыптанып калган.

Кыз балдар бөтөн эл, бөтөн журтка сиңип кетиши *кайын журтунун улуу кичүүлөрүнө ызаатчыл, сыйчыл насилине* байланыштуу болгон. Ушуга байланыштуу, ар бир аялдын билүүсү керек болгон кыргыз элинде тийиштүү салттар бар. Алсак, келинге коюлган талаптардын ичинен жүгүнүү жана ат

тергөө адебин белгилөө керек. Жүгүнүү – “Орун-очок алуу, отурган жеринен ак этек табуунун өбөлгөсү. Төркүн-төсүнүн маңдайын жаруу. Келген үйүнүн, барган жеринин көңүлүн агартуу” болуп эсептелет (А. Акматалиев). Ал эми, ат тергөө –ушул сыяктуу, салт-санаалардын бек сакталышы кыз келиндердин адептик тарбиясынын белгиси болуп эсептелген.

Аялзатынын *“тууган аралык биримдиктин данакери”* болуу талабы “Тууганды тууган кылган аял” деген элдик аныктама аркылуу ар тараптуу бекемделет. Эркек адамдын туугандарына каттоосу сейрек, карамы, кайрымы жок болуп калышынын себебин жубайларынын кишилик насилинин тайыздыгынан издешкен. Ошондуктан кыргыздар аялзатына коюлган талаптардын дагы бир көрсөткүчү катары болгон дүнүйөнү тууган урук, эл менен бөлүшүү ниет пейилдин кеңдиги менен колу ачыктык идеалдаштырылган. Эл коноктун бир милдети үй ээсинин кишилигин дасторкон аркылуу сын электен өткөрүү деген түшүнүктө болгон. Тигил же бул үйдө меймандардын такай келип турушу аялзатынын жайыл дасторкондугунан көз каранды болгон. Кыз балдарды мээнеткечтигине, кылган эткенине, аялзаттын уздугуна, чеберчилигине, карап баалоо байыркы замандардан бери келе жаткан салттуу көрүнүш. Бул чен-өлчөм эл ичинде азыр да күчүндө. Алсак, айылга жаңы келген келиндин кандай адам экендигин билүү-максатына көбүнесе “Кылган-эткени кандай экен?” – деген суроо беришет.

Кыргыздар кыз балдарды эс тарткан күндөн эле, эне болуу жоопкерчилигинин бийик стандарттары менен тааныштырып келишкен. Элдик түшүнүктө эне болуу - бул балдарга мээримин төгүп, алты санын аман өстүрүү менен бирге, аларды элдин керегине жараар бир адам кылуу сыяктуу, улуу милдеттер менен байланыштуу болгон. Адептик-этикалык жактан идеалдуу аялзатынын сапаттары эң алгач “эне” түшүнүгүнүн алкагында каралып, анын акылмандык сапаттары, эне мээрими жана балага берген тарбиясы жана насааты энелик адептин негизги элементтери болгон.

Кыргыздардын салттуу тарбия маданиятындагы кыз балдарды социалдаштыруунун улуттук системасынын максаты жана натыйжасы да дал ушул идеалдык баалуулуктар, көрсөткүчтөр менен өлчөнүп бааланган.

Изилдөөнүн *экинчи милдетинин* алкагында кыргыз элинин салттуу маданиятындагы аялзатын социалдаштыруунун негизги баалуулуктарын курактык баскычтар боюнча калыптандыруунун өзгөчөлүктөрүн айкындоого аракет жасадык.

Кыргыздардын салттуу педагогикалык түшүнүгүндө кыз балдарды социалдаштыруу өмүр бою, бүт өмүр жолун коштоп олтурган, бирок, анын өнүгүш динамикасы курактык баскычтарынын өзгөчөлүктөрүнө ылайык өзгөчө мазмунга ээ болгон. Конкреттүү айтканда, башында бала

жакындарынын айрыкча ата-энесинин кылган эткенине, жүрүм-турумуна багыттанган. Убакыт өткөн сайын айланасындагы адамдардын катарынын кеңейиши менен башкалардын жүрүм-турумунун эрежелерин да үлгү катары өзүнө бүтүндөштүрүп "генерализациялай" башташкан. Бул этап Маргарит Мид (118) белгилегендей кыз балдардын өзүн айылындагы, уруусундагы улуулар менен окшоштурууга багытталган санаа сезими. Салттуу маданиятта аялзатын "Балтыр бешик кыз", "Кол арага жарап калган кыз", "Секелек кыз", "Тестиер кыз", "Бойго жеткен кыз", "Келиндик курак", "Зайып", "Байбиче" деген курактык шкалаларга бөлүп карашкан. (2-сүрөт).

Элдик салттарга ылайык кыз балдардын «Кулагын көзөтүү» салттары балдар менен кыздарды аларды айырмалуу социалдаштыруу дифференциялоонун табигый көрүнүшү болгон. Бул жөрөлгөгө негизинен аялдар катышып, алардын жолу улуулары батасын беришкен. Төрөлгөндөн 1,5-2 жашка чейинки кыздарды "Балтыр бешик кыз" деп алардын бешикте жаткан курагын мүнөздөшкөн.

Кыргыз элинде 4-5 жаштагы баланы "Кол арага жарап калган кыз" - деп мүнөздөйт. Бул курактан баштап кыз жана уул балдарды эмгекке тарбиялоо жыныстык сегрегеациялык *(лат. segregacio – бөлүнүү )* мүнөздө б.а. балдарды мал кайтарууга, багууга, кыздарды ийне кармап, үй шыпырып, тамак даярдоого үйрөтүүгө басым жасашкан.

*"Секелек кыз"* топу кийген 7-9 жаштагы кыздарды апалары, чоң энелери өзү менен кошо айылга ээрчитип барышып, дасторкон үстүндө башкалардын кебин, акылын угузушуп баам парасатын, көргөн билген кругозорун арттырып активдүү социалдашуу чөйрөсүнө тартышкан.

*"Тестиер кыз"* үкүсү бар топу кийген 10-12 жаштагы кыздар үй ичиндеги иштерге жооптуу болуп кол-кабыш кыла баштаган мезгил. Алар тарабынан "Кызга кырк үйдөн тыюу", "Кыздуу үйдө кыл жатпайт" деген эреже талаптардын аткарылышы элдин назары аркылуу көзөмөлгө алына баштаган.

*"Бойго жеткен кыз"* үкүлүү кундуз тебетей кийген 15-17 жаштагы кыз балдар. Үйдөгү тамак аш жасоо жана чарбалык иштен баштап, балдарды кароо багуу, тарбиялоо иштеринде да өзүн-өзү активдүү өнүктүрүү менен тестиер кыздарга өрнөк көрсөтө башташкан. Үйдөгү аялзатына тиешелүү иштерге активдүү кирише баштаган б.а. үй-бүлөлүк турмушка даяр социалдык мамилелердин субьекти катары жетилген мезгил катары сыпатталат.




**2-сүрөт. Аялзатын социалдаштыруунун курактык шкалалары.**

*“Келиндик курак*” (18-30) жубайлык, энелик балдарды багып өстүрүү өзүнүн социалдык-ролдук тажрыйбасынын өнүгүшү менен коштолсо*“Зайыптык”* (30-45) курак мезгил аялзатынын тажрыйбасы арткан, социалдашуусунун толук ишке ашкан мезгили болгон.

Салттуу кыргыз коомунда 50-55 жаштан өмүрдүн соңуна чейинки куракты камтыган *“Байбийчелик”* жашы улгайган, акылга бай, даанышман, небере чөбөрөсү, келиндери менен бирдикте балдарды тарбиялоого активдүү катышкан ак элечек аялзатын мүнөздөйт. Ошентип, курак жашы жогорулап жашоо тажрыйбасы арткан сайын өзүнөн кийинки муундар үчүн социалдаштыруу милдеттерди аркалаган агентке айлана башташкан. Коомдук педагогикалык чөйрөдө зайыптардын тарбиячылык социалдаштыруу таасири көбүнесе үй-бүлө тутуму менен чектелсе, байбичелер мезгилдик жактан алганда эки муундун жана мейкиндик жактан алганда өз үй-бүлөсүнөн тышкары бир айылдын аялзаттары үчүн социалдаштыруучу агенттик функцияны аткарган. Бирок, социалдашуу агенттери катары зайып жана байбичелердин ролу алардын социалдык маданий норма жана баалуулуктардын моделине шайкеш келишине жараша болгон.

Изилдөөнүн милдеттеринин алкагында кыргыз элинин салттуу тарбия маданиятындагы кыз балдарды социалдаштыруунун факторлорун, методдор жана каражаттарын айкындоого аракет жасадык.

Социалдаштыруунун салттуу программасын жүзөгө ашырууда эне тил, фольклор, киндик кан тамган жердин табияты, эмгек, үй-бүлө жана анын

тиричилик уклады, элдик салттар, жөрөлгөлөр, коңшулар, теңтуштук топтор, жеңелер, салттуу оюндар, коомдук көзөмөл сыяктуу факторлор доминанттык мүнөзгө ээ. Кыз балдардын социалдашышы эне тилди өздөштүрүү менен тыгыз байланышта каралган б.а. кыз балдардын акыл парасатын оройлугун же назиктигин сүйлөө маданиятына карап баалашкан. Кыз балдар да кичинесинен эле киндик кан тамган жердин табиятына жакын өскөндүктөн ”Тоолук кыз” деген сөздөр адамдын жашаган жерине гана эмес, тоолук адамдын дүйнө түшүнүгүн, психикалык көрөңгөсүн, инсандык сапаттарындагы айырмалуу белгилерди түшүндүргөн. Кыз балдардын социалдашуусу тикеден тике энелердин таасиринен көз каранды болоорун бардык доорлор үчүн аксоматикалык акыйкат, эң ишенимдүү ереже катары кабылданганын “Энесин көрүп кызы ал...” – деген накыл кеп ырастайт. Изилдөөнүн натыйжалары кыргыздардын салттуу маданиятында эне “этностун миң кылымдык генетикалык программасын ичине каткан” (Г.Н. Волков) үй-бүлөнүн башаты, улуттун тилин, тарыхый эс тутумун, салт жөрөлгөлөрүн сактоочу өзгөчө “активдүү педагогикалык субьект” (А. Алимбеков) катары кабылданып келгендигин ырастады. Энелер жай турмуш агымында жубайлык, энелик өрнөгүн өз кызына өткөрүп берүү аркылуу элдин үй тиричиликтеги, чарбадагы, өнөрдөгү, адеп-ахлактык маданияттагы салттуу баалуулуктардын уламалуулугун, өнүгүшүн камсыз кылып келишкен.

Кыз балдар тарабынан аткарылуучу талаптар *элдик салттар, жөрөлгөлөр*, кыз балдарга карата тыюулар менен айкындалган. Каада-салттар – бул коом мүчөсү тарабынан өздөштүрүлүүчү баалуулуктар. “Каадалуу” деген сөз адамдын ички тартибин, адебин, жүрүш-турушун сыпаттоо маанисинде колдонулат. Бардык эле башка калктардай эле кыргыздарда да *теңтуштардын* таасири чоң болгон. Теңтуштар менен биргеликте өткөрүлгөн улуттук оюндар аркылуу кыз балдарды элдин рухий-маданий баалуулуктарын, нормаларын өздөштүрүп, инсан катары жетилүүсүнө чоң таасир берген.

Салттуу маданияттын көптөгөн жөрөлгөлөрү *кошуналар* менен биргеликте өткөндүктөн кыз балдар көпчүлүк учурда кошуналардын балдары менен тыгыз байланышта болуп, турмуштук баалуулуктарды алар менен бирдикте өздөштүрүшкөн. Ошондуктан тигил же бул кыз бала тууралуу маалыматтарын кошуналардын баасы аркылуу тактоого аракет кылышкан. Кошуналардын пикиринин олуттуу маанисин “Кошуна жакшы болсо сокур кыз эр табат” деген макал да тастыктап турат. Ал эми кыз балдар бойго жетип үй үй-бүлөлүк турмуш тууралуу олуттуу ойлоно баштаган учурдан баштап ата энеден айбыгып айта албаган купуя сырларын, ой кыялдарын жеңелер менен бөлүшүп туура жубай тандоо, сөз айткан жигиттерге кандай мамиле

жасоо тууралуу зарыл кеңеш жана нускаларды жеңелерден алышкан. Ушундан улам салттуу кыргыз коомунда жеңелер кыз балдарды үй-бүлөлүк ролдук маданиятка социалдаштыруунун эң жоопту агенттеринин бири болгон деп эсептөөгө толук негиз бар.

Кыз балдарды салттуу турмушка социалдаштыруу алардын акыл парасатын, түшүнүктөрүн тереңдетип, ишенимдерин бекемдөө, изги, жүрүм-турумун адат катары калыптандыруу, стимулдаштыруу сыяктуу методдор аркылуу камсыздалган. Этнопедагог изилдөөчүлөр Г.Н. Волков (43), А.Э. Измайлов (67), А. Алимбековдордун (13) эмгектеринде таянуу менен “Кыз балдарды социалдаштыруунун методдору дегенде алардын дүйнө таанымында, ойлоосунда, пейилинде, ишенимдеринде, жүрүш-турушунда, кылган иштеринде, коом, айлана-чөйрөдөгү жакын, алыс адамдар менен алака катышында өзгөрүш-өнүгүш жаратууга таасир этүүчү ыкмаларды түшүнөбүз”. Элдик тарбиянын методдору кыз балдардын социалдык тажрыйбасын өнүктүрүүнүн жолдору. Изилдөөбүздүн материалдары кыргыздардын салттуу маданиятындагы кыз балдарды социалдык тарбиялоонун методдорун төмөнкүдөй үч группага бөлүп кароого болот:

1). Аң-сезимди калыптандырууга багытталган методдор.

2). Ишмердүүлүктү жана жүрүм-турумду өзгөртүп, адептик билимдерди кылык- жорукка айландыруу методдору.

3). Ишмердүүлүктү жана жүрүм-турумду стимулдаштыруу методдору (3-сүрөт).

Бул методдор кыз балдардын жаш курагына жараша тандалып, иргелип орду менен пайдаланылган. Баштапкы курактарда аңгемелешүү, түшүндүрүү, ишендирүү, кеңеш берүү, үйрөтүү, көрсөтүү, жалынып-жалбаруу сыяктуу аң-сезимди калыптандыруу методдору кеңири колдонулса, өспүрүм куракта талап кылуу, буйруу, жатыктыруу, бата берүү, кайра үйрөтүү жана көнүктүрүү жактырбай кароо, алдоо, керээз, ишеним сыяктуу методдор доминанттык мүнөзгө ээ болгон.

Изилдөө процессинде жогорудагы методдордун колдонулушу тууралуу төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрдү белгилөөгө мүмкүнчүлүк берди:

***“Акыл насаат айтуу”*** (“Айтмак”, “демек”), “үйрөтүү”, “көрсөтүү”, “үлгү болуу”, “бата берүү” (“теңир жалгасын”, “алганың менен тең кары”, “бар бол”, “өркөнүң өссүн”, “тилегиңе жет”, “этегиңден жалгасын”, “ак жоолугуң башыңдан түшпөсүн”, “көшөгөң көгөрсүн”);

**“Кызды кырк үйдөн тыюунун”** императивдик талаптар, буйрук же эреже түрүндө кездешкен методдору бир эле мезгилде тарбиялоонун социалдаштыруунун программасы катары да кабылданган.

- **“Жаман айтпай жакшы жок”** – деген принципти кармануу менен ата-энелер кыз балдарды ачуу сөз менен “зекүү”, “какшыктоо”, “тилдөө”,

“жемелөө” методдорун да колдонушкан, бирок эркек балдардай физикалык жазалоонун түрү болгон эмес.




**3-сүрөт. Кыз балдарды социалдык тарбиялоонун методдору/**

**Үчүнчү глава “Кыргыз элинин кыз балдарды социалдаштыруу салттарынын азыркы таалим-тарбия мейкиндиктеги трансмиссиясы” –** деп аталып анда изилдөөнүн төртүнчү милдетинин натыйжалары чагылдырылган. “Трансмиссия (лат. transmissio өткөрүү, өтүш) социалдык өңүттө топтолгон маданияттын муундан муунга расмий жана стихиялуу таалим-тарбия аркылуу (имитация, билим берүү, табуулар жана коомдук көзөмөлдүн түрдүү формалары) өтүш процесси. Дүйнөлүк социалдык-гуманитардык илимдерде коомдук өзгөрүүлөрдүн таасиринде социалдаштыруунун салттуу механизмдеринин уламалуулук салты алсызданып, муундар ортосундагы руханий баалуулуктар ажырымы болоору, түрдүү концепциялар аркылуу түшүндүрүлгөн. Буга байланыштуу, Э. Эриксон (193) инсандык “иденттүүлүк кризиси” жөнүндөгү түшүнүктү

киргизген. Изилденип жаткан маселенин алкагында, кыз балдарды социалдаштыруунун мазмуну жана методдоруна тийгизген таасири жагынан ислам дини өзгөчө орунда турган. Ислам дининдеги кыз балдарды тарбиялоого байланыштуу көптөгөн баалуулуктар, улуттук салттарга дал келип аны андан ары тереңдетип таасирин арттырып турган. Исламдагы хадистер кыргыз элинин “Кызга кырк үйдөн тыюу” – деген тарбиялоо кодекси “Балакатка жеткенде жоолук салынуу”, “Өлүк коюлгучакты жамандык болгон жерге барбайт”, “Мүрзөгө барбайт” сыяктуу жана башка талаптар менен толукталган. Ошону менен бирдикте исламдын айрым баалуулуктары кыргыздар арасына деформацияланып жетип социалдаштырууга терс таасир тийгизгенин айрым адамдар исламга шылтоолоп, кыз балдардын эркиндигин ашкере чектөөгө алгандыктарынан мүлктү бөлүштүрүү укугу же мүлккө карата кожоюндук эркекке берилип, аялдар пикирин билдирүү укугуна гана ээ болушканынан көрүүгө болот. Совет дооруна чейин кыз балдарды социалдаштырууга расмий билим берүү мекемелери да, аздыр көптүр таасир эткен. Жети-Сууда биринчи кыздардын орус-тузем мектеби, 1911-жылы Пишпекте, Пржевальскиде ачылган (82, 26-б.). Жадидизмдин негиздөөчүсү, белгилүү мусулман агартуучусу Исмаил Гаспринский, аялдардын жашоо-турмуштагы ордун аныктоо менен “Аялдар канчалык билимдүү, тарбиялуу болсо, ошончолук пайдалуу кыз, эже, аял жана эне” боло алаарын белгилеп, XIX кылымдын экинчи жарымында мусулман аялдарга билим берүү демилгесин көтөрүп чыккан. Жалпысынан бул тарыхый мезгилдердеги азыноолак расмий билим берүү мекемелеринин бир тарабы исламга, экинчи тарабы падышачылык Россиянын орусташтыруу саясатына негизделгендиктен, нукура салттуу маданий баалуулуктарга тарбиялоо көңүл сыртында калган.

Советтик таалим-тарбия, жаңы коомдук мамилелердин негизинде курулгандыктан, кыз балдарды салттуу баалуулуктардын негизинде социалдаштырууга толук мүмкүнчүлүк берген эмес. Алардын биринчиси, кыз балдарды азаттыкка чыгаруу урааны аларды тарбиялоо практикасындагы салттардын көпчүлүгүн эскинин калдыгы катары караган догма болгон. Советтик педагогика илиминде инсан, социумдун рамкасында «коммунизимдин куруучусу», «социалисттик личность», «советтик адам» деген түшүнүктөрдүн чегинде гана чечмеленип, анын этномаданий параметрлери таптакыр эле унутта калган. Улуттун салттуу педагогикасында өнүгүп келген нарктуу аялзаты жөнүндөгү идеалдары, консервативдик көз караш катары мектептин таалим-тарбия практикасынан толук орун алган эмес. Ошону менен бирдикте Советтик доордо адабият жана исскуstvoдо кыргыз кыздарынын идеалдуу бейнесин чагылдырууга багытталган чыгармалар кыйла активдешкен. Алардын бири, СССРдин Эл сүрөтчүсү

Семен Чуйковдун “Кыргыз колхозунун чыгармалары” топтомундагы “Советтик Кыргызстандын кызы” сүрөтү болгон. Анда күнгө бети туурулган, бирок, колундагы китеби менен келечекке ишенимдүү кадам таштаган жаңы доордогу кыргыз кызынын образы социалдаштыруунун модели катары актуалдаштырылган. Советтик доордо кыз балдарды социалдаштыруу практикасында шаар жана айылдар ортосунда олуттуу ажырым пайда болгон. Шаар жерлеринде социалдаштыруу практикасында улуттук баалуулуктардан ыраактоо тенеденциясы активдүү жүрсө айыл жерлеринде кыз балдардын пейил мүнөзүнө, жүрүм-турумуна карата салттуу талаптар айрыкча, үй-бүлөлөрдүн тарбия практикасында бекем сакталган. Ошентип, советтик доордо кыз балдарды социалдаштыруу практикасы бир тараптан саясий идеологиялык базалык баалуулуктарга негизделген социалдаштыруу чөйрөсүн актуалдаштырууга багытталса, экинчи тараптан үй-бүлө чөйрөсүндө жана элеттик социалдык-маданий турмуш чөйрөсүндө улуттук баалуулуктар өз таасирин жоготпой жашап келе берген. Эгемендүүлүк доорунда ааламдашуунун албуут таасири менен салттуу социалдаштыруу баалуулуктарынын ордуна атаандаш, батыш таламдуу баалуулуктар акырын баш багып, орун очок алууга аракет жасоодо. Бул излдөөлөрдүн негизинде бүгүнкү кыргыз коомунда инсандык анын ичинде кыз балдарды социалдаштыруунун түрдүү конструкциялары актуалдашууда. Алсак, азыркы кыргыз кыздарынын арасында өзүн “Мусулман аял”, “Кыргыз аялы”, “Кыргызстан аялы” деген моделдерге ылайык өнүктүрүү жагынан өзгөчөлөнгөн топтор ачык байкалат.

Изилдөөбүздүн алкагында, бүгүн кыз балдарды социалдаштыруу процесстеринин мазмуну жана методдору, канчалык негизде элдик педагогикалык билим жана баалуулуктарга негизделген? – деген суроону тактоого аракет жасалды. Сурамжылоонун натыйжаларына ылайык, кыздарды улуттук каада-нарк үлгүлөрүнө шайкеш тарбиялоо зарылдыгын, көпчүлүк шаардык үй-бүлөлөр деле түшүнүшөт, бирок аны ишке ашырууга чын ыкластан мамиле кылышпайт жана ишке ашыруу амалдарын жакшы билишпейт. Айылдык ата-энелер кыз балдарды, айрым учурда эркек балдардан бөлөк шартта социалдаштырууну жакташат.

Практикалык изилдөөнүн натыйжалары, этнопедагогикалык дөөлөттөр аркылуу кыз балдарды социалдаштыруу практикасында орун алган типтүү кемчиликтерди төмөнкүчө жалпылап белгилөөгө мүмкүнчүлүк берди:

1. Кыз балдарды социалдаштыруу практикасында түрдүү маданий таасирлердин күч алышы менен улуттук гендердик ролдук маданиятка идентештирүүнүн миң жылдап калыптанып келген түптүү дөөлөттөрү өз таасирин бир кыйла бошоңдоткону байкалат. Директивалык документтерде, тарбиялоо жөнүндөгү концепцияларда, таалим-тарбия ишин уюштурууда кыз

балдарды салттуу маданиятка ылайык социалдаштыруу маселеси ачык айкын белгиленген эмес.

2. Бүгүнкү мектепти аяктаган кыз балдардын, өз курактык өзгөчөлүктөрүнө ылайык этномаданий идентүүлүгү, аларды салттуу маданияттын баалуулуктарга социалдаштыруу институттары өз функцияларын толук аткара албай жаткандыгын көрсөттү. Кыз балдарды этномаданиятка социалдаштыруу ишин жүзөгө ашыруу боюнча мугалим-тарбиячылардын кесиптик-педагогикалык камылгалары айтаарлык абалдан төмөн. Ошондуктан сурамжылоонун натыйжасында кыз балдардын социалдашуусуна таасир эткен факторлордун арасында мектеп эң соңку орунда турат. Изилдөөчүнүн ишениминде кыз балдарды социалдаштыруунун негизги агенттеринин бири катары мектептин этномаданий потенциалын арттыруу, өнүктүрүү илим менен практикадагы актуалдуу милдеттердин бири катары каралууга тийиш.

## КОРУТУНДУ

Диссертациялык иште тарыхый этнопедагогиканын өзгөчө салааасы катары кыргыз элинин салттуу маданиятындагы кыз балдарды тарбиялоонун тарыхый тажрыйбалары жана азыркы улуттук таалим-тарбия мейкиндигиндеги трансмиссиясын талдоо, айкындоо маселелери колго алынды. Изилдөөдө кыргыз коомундагы аялзатынын орду жана аларды социалдаштыруу маселелерин ичине камтыган көп кырдуу этнографиялык, фольклордук булактарды тарыхый этнопедагогикалык өңүттөн талдоонун негизинде төмөнкүдөй корутунду чыгарылды:

1. Кыргыздардын салттуу педагогикалык маданиятындагы аялзатын социалдаштырууга карата көп кырдуу руханий - аксиологиялык ченемдеринин тамыры алардын түпкүр тереңдиги архетиптик-мифологиялык, культтук байыркы маданиятынын катмарына барып такалат. Кыргыздар узак кылымдар жалпы адамзатка таандык цивилизациялык процесстерден кабарсыз калганы менен өзүнүн дүйнө таанымында үй-бүлө жашоо турмуштун бакубаттыгын толуктугун аялдын куту, асылдыгы менен туташ биримдикте карашып “Дүйнө түркүгү”, “Үйдүн куту", “Умай эне” сыяктуу бүгүн да тарбиялык маани-маңызын жогото элек руханий-ыймандык аруулукту туюнткан метафора-символдорду жаратышкан.

2. Кыргыздардын салттуу педагогикалык маданиятында кыз балдарды социалдаштыруунун максаты жана мазмуну аларда татыктуу жар жана эне катары улуттук масштабдагы максималдуу үлгү, норма катары кабылданган “Үйдүн куту, акыреттик жар”, “Сырткы ажар менен жан дүйнө аруулугунун шайкештиги”, “Айлакер акылман, тил билгилик”, “Кайын журтунун улуу кичүүлөрүнө ызаатчыл, сыйчыл насил”, “Тууган аралык биримдиктин данакери”, “Кең пейилдик, колу ачыктык”, “Жайыл дасторкон,

меймандостук", "Мээрман энелик, табигый тарбиячылык", "Мээнеткечтик, чебер уздук" сыяктуу сапаттардын калыптандырылышын камсыз кылууга багытталган. Кыз балдарды социалдаштыруунун мындай идеалдары көркөм сөз өнөрүнүн түрдүү булактарында катталып, күндөлүк турмуш агымы, үрп-адат каада-салттар аркылуу трансформацияланып келген. Кыргыздардын салтуу педагогикалык түшүнүгүндө социалдаштыруу аялзатынын өмүр жашынын бардык баскычтарында тынымсыз өзгөрүп, өнүгүп туруучу кубулуш катары каралган. Салттуу маданияттагы "Балтыр бешик кыз", "Секелек кыз", "Тестиер кыз", "Бойго жеткен кыз", "Келин", "Зайып", "Байбиче" сыяктуу курактык шкалалар аялзатын социалдаштыруунун кыз бала, өмүрлүк жар, эне, чоң эне сыяктуу социалдык ролдук функцияларынын калыптанышынын логикасы, программасы катары кызмат кылган. Ар бир курактык баскыч кыз балдардын физиологиялык, психологиялык, руханий адептик, социалдык жүрүм-турумду көнүгүшүнүн, эмгекке турмушка даярдыгынын баскычтары катары каралып өзгөчө социалдык ченемдик көрсөткүчтөр менен мүнөздөлгөн.

3. Кыргыздардын салттуу педагогикалык маданиятында социалдаштыруу программасын жүзөгө ашырууда эне тил, фольклор, киндик кан тамган жердин табияты, эмгек, үй-бүлө жана анын тиричилик уклады, элдик салттар, жөрөлгөлөр, коңшулар, теңтуштук топтор, балдар оюндары, коомдук көзөмөл сыяктуу факторлор доминанттык мүнөзгө ээ болгон. Кыз балдарды салттуу турмушка социалдаштыруу алардын акыл парасатын, түшүнүктөрүн тереңдетип, ишенимдерин бекемдөө, изги, өрнөк жүрүм-турумун адат катары калыптандыруу стимулдаштыруу сыяктуу методдор аркылуу камсыздалган. Кыз балдарды социалдаштыруунун методдору коом, турмуштук адеп салттар тууралуу түшүнүктөрүн калыптандыруу, ак караны таанытуу, адеп салттарга карата ишеним ынанымдарды калыптандыруу, салттуу жүрүм-турумду стимулдаштыруу сыяктуу топторго бөлүп кароого болот. Биз алардын эмгектерине негизденүү бизге элдик тарбиянын төмөнкүдөй методдорун жана ыкмаларын бөлүп көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берди: аңгемелешүү, кеңешүү, түшүндүрүү, ишендирүү, талап кылуу, кеңеш берүү, үйрөтүү, көрсөтүү, үлгү болуу, өтүнүү, буйруу, жатыктыруу, бата берүү, мазактоо, алкыш айтуу, каргоо, сөгүү, күнөөлөө, айыптоо, жазалоо, кайра үйрөтүү жана көнүктүрүү, каалоо жана алкоо, жалынып-жалбаруу, ант, белги берүү (жаңсоо, кол булгалоо, көз кысуу ж.б.), кубаттоо, зекүү, жактырбай кароо, алдоо, керээз, ишеним, осуят, убада, өкүнүү, үгүт-насаат, тыюу, коркутуу, тилдөө сыяктуу методдор кеңири колдонулган.

4. Кыргыз коому өзүнүн узак тарыхында ар бир доордун саясий идеологиялык дөөлөттөрүнө шайкеш социалдаштыруунун мазмуну жана методдору өзгөрүлүп келген. Ислам дининин кириши менен кыз балдарды

социалдаштыруунун мазмунуна төп келип байытса, Советтик коомдун идеологиялык догмалары түптүү салттардын тамыр жайышын чектеген. Эгемендүүлүк доорунда кыз балдарды социалдаштыруу практикасы олуттуу карама-каршылыктарды баштан кечирүүдө. Бир тараптан социалдаштыруунун мазмунун, элдин тарыхый эс тутуму менен өткөн доорлордун социалдык практикасында калыптанган асыл нарктарга негиздөө аракети жанданса, экинчи тарапта улуттук менталдык баалуулуктардын табийгый трансформациясына жолтоо болгон “жаңычыл” массалык маданияттын терс таасирине каршы күрөшү олуттуу сыноо катары ортого чыкты. Изилдөөнүн натыйжалары кыз балдарды социалдаштыруунун заманбап институттарынын арасынан мектепке салыштырмалуу үй-бүлөнүн салттуу турмушунун таасири жогору экендигин көрсөттү. Изилдөөчүнүн ишениминде кыз балдарды социалдаштыруунун негизги агенттеринин бири катары мектептин этномаданий тарбиялоочу мазмунун өркүндөтүү мамлекеттин максаттуу иш аракетинин предмети болууга тийиш.

Изилдөөдө тандалып алынган теманы акыр аягына чейин толук ачып көрсөтүү жана каралган маселелерди биротоло чечүү максаты коюлган эмес. Жүргүзүлгөн иштин соңунда жетишилген натыйжаларга ылайык бизди кызыктырган проблеманын айрым аспекттеринин мындан аркы изилдениши боюнча прогноз жасоого болот. Бул аспекттерге төмөндөгүлөрдү кошууга болот: кыргыз эл педагогикасында кыз балдарды эне болууга тарбиялоо идеялары жана тажрыйбалары; кыргыз элинин оозеки чыгармаларындагы кыз балдарды тарбиялоонун идеалдары; кыз балдарды тарбиялоодо элдик педагогикалык идеяларды жана тажрыйбаларды колдонуу.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

1. Кыргыз этнопедагогика илиминин контекстинде кыз балдарды тарбиялоо, социалдаштыруу маселелеринин жаңы аспекттерин изилдөөнү активдештирүү;
2. Улуттук тарбиянын негизги (базалык) баалуулуктарын жана орто мектепте кыз балдарды тарбиялоонун программасын иштеп чыгууда элдик педагогикалык тажрыйбаларды колдонуу багытындагы долбоорлорду иштеп чыгуу, практикалоо.
3. Жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдеринин кыз балдардын улуттук гендердик иденттүүлүгүн өнүктүрүү багытындагы шмердүүлүгүн уюштуруу боюнча илимий-методикалык колдонмолорду иштеп чыгуу;
4. ЖОЖдордо болочок мугалимдерди кыз балдарды социалдаштыруу, тарбиялоого даярдоо үчүн психологиялык-педагогикалык дисциплиналардын мазмунун этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү.

**Диссертациянын негизги мазмуну, жоболору төмөнкү эмгектерде чагылдырылган:**

1. **Умарова, Р.Н.** Жаш муундарды адептүүлүккө тарбиялоонун айрым бир ыкмалары [Текст] / Р.Н. Умарова // КББАнын Кабарлары. – 2013. – №3. – 229-232-бб.
2. **Умарова, Р.Н.** Психолого-педагогические основы этнической социализации учащегося: структура и содержание [Текст] / Р.Н. Умарова // Сборник научных статей (РИНЦ). – Екатеринбург. – 2016. – №3. – С. 219-222.
3. **Умарова, Р.Н.** Кыргыздардын салттуу педагогикалык маданияты аркылуу кыз балдарды социалдаштыруунун айрым жолдору [Текст] / Р.Н. Умарова // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2016. – №8. – 80-82-бб.
4. **Умарова, Р.Н.** Кыз балдарды гендердик социалдаштыруу процессинде кыргыз элинин педагогикалык тажрыйбалары [Текст] / Р.Н. Умарова, А.У. Бабеков // ОшМУнун Жарчысы. – 2017. – №8. – 171-176-бб.
5. **Умарова, Р.Н.** Ааламдашуу шартында үзгүлтүксүз билим берүүнүн этнопедагогикалык проблемалары [Текст] / А.У. Бабеков, Н.С. Шадиев, Р.Н. Умарова // ОшМУнун Жарчысы. – 2017. – №8. – 128-130-бб.
6. **Умарова, Р.Н.** Баланын социалдашуу процессинде үй-бүлөдө ата-энелердин орду [Текст]/ Р.Н. Умарова // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2018. – №2. – 503-507-бб.
7. **Умарова, Р.Н.** Кыргыз эл педагогикасында кыз балдарды тарбиялоонун жолдору [Текст] / Р.Н. Умарова // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2019. – №3. – 140-142-бб.
8. **Умарова, Р.Н.** Кыргыз этномаданиятындагы “Намыс”, “Уят” сыяктуу адептик принциптер [Текст] / Р.Н. Умарова // X Эл аралык илимий-практикалык симпозиумдун жыйнагы. – Ош – 2019. – 387-390-бб.
9. **Умарова, Р.Н.** Кыргыздарда кыз балдарды социалдаштыруунун баштапкы этаптары [Текст] / Р.Н. Умарова // Наука новые технологии, и инновации Кыргызстана. – 2020. – №1. – 184-187-бб.
10. **Умарова, Р.Н.** Практика подготовки кыргызских девочек к семейной жизни [Текст] Р.Н. Умарова // Материалы Международной научно-практической конференции (РИНЦ). – Шадринск. – 2020. – С. 462-467.
11. **Умарова, Р.Н**. Историко-культурные предпосылки и условия социализация девочек у Кыргызов [Текст] / Р.Н. Умарова // Известия Кыргызской академии образования – 2020. – №2 (51). – С. 168-174.

**Умарова Рита Нурдиновнанын “Кыргыздардын салттуу педагогикалык маданиятындагы кыз балдарды социалдаштыруу системасы” деген темада 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясынын**

# РЕЗЮМЕСИ


**Түйүндүү сөздөр:** салттуу маданият, кыз балдар, социалдаштыруу, баалуулуктар, курактык шкалалар, тарбиялоо, факторлор, методдор, трансмиссия.

**Изилдөөнүн максаты:** кыргыз элинин салттуу тарбия маданиятындагы кыз балдарды социалдаштыруунун идеалдарын, факторлорун, методдорун каражаттарын жана алардын трансмиссиясын ачып көрсөтүү.

**Изилдөөнүн объектиси:** кыргыз элинин салттуу тарбия маданиятындагы жаш муундарды социалдаштыруу тажрыйбалары.

**Изилдөөнүн предмети:** кыргыз элинин салттуу тарбия маданиятындагы кыз балдарды социалдаштыруу тажрыйбалары жана алардын азыркы таалим-тарбия мейкиндигиндеги трансмиссиясын изилдөө.

**Изилдөөнүн методдору:** философиялык, тарыхый-этнографиялык, психологиялык-педагогикалык адабияттарды, фольклордук мурастарды анализдөө; талаа изилдөөлөрүнүн (полевое исследование) материалдарын каттоо, тандоо, системалаштыруу, жалпылоо жана талдоо, сурамжылоо, анкета ж.б.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү:** кыргыздардын, кыз балдарды социалдаштыруунун, байыркы культтук ишенимдери менен салттуу жашоо-турмуш образына шайкеш идеалдуу жана реалдуу баалуулуктарынын көп кырдуу мазмуну, тарыхый-этнопедагогикалык өңүттө ачыкталды; салттуу кыргыз коомунда аялзатынын социалдык ролдук функцияларына шайкеш курактык шкалалары боюнча, социалдаштыруунун этаптары, өз ара тутумдаш өнүгүш абалындагы система катары ачылып көрсөтүлдү; салттуу кыргыз коомундагы, кыз балдарды социалдаштыруунун доминанттык факторлору, методдору, каражаттары мүнөздөлдү; кыргыз элинин кыз балдарды социалдаштыруу салттарын азыркы коомго трансмиссиялоонун абалы, проблемалары айкындалды.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү:** изилдөөнүн натыйжалары төмөнкүдөй чөйрөлөрдө колдонулушу мүмкүн: этнопедагогика илиминде кыз балдарды тарбиялоо проблемасынын жаңы аспекттерин изилдөөдө; улуттук тарбиянын негизги (базалык) баалуулуктарын жана орто мектепте кыз балдарды тарбиялоонун программасын иштеп чыгууда; Жогорку окуу жайларда “Кыргыз этнопедагогикасы” жана башка педагогикалык дисциплиналардын мазмунун өркүндөтүүдө.


# РЕЗЮМЕ

**диссертационного исследования Умаровой Риты Нурдиновны «Система социализации девушек в традиционной педагогической культуре кыргызского народа» по специальности 13.00.01 –общая педагогика, история педагогики и образования на соискание ученой степени кандидата педагогических**

**Ключевые слова:** традиционная культура, девушки, социализация, ценности, возрастные шкалы, воспитание, факторы, методы, трансмиссия.

**Цель исследования:** выявить идеалы, факторы, методы и средства социализации девушек в традиционной педагогической культуре кыргызского народа.

**Объект исследования:** опыт социализации подрастающего поколения в традиционной культуре кыргызского народа.

**Предмет исследования:** изучение опыта социализации девушек в традиционной культуре воспитание кыргызского народа и его трансмиссия в современном образовательном пространстве.

**Методы исследования:** анализ философской, историко-этнографической, психолого-педагогической литературы, фольклорного наследия, регистрация материалов полевых исследований, отбор, систематизация, обобщение и аналитика, опросы, анкеты и т.д.

**Научная новизна и теоретическая значимость исследования:** реконструировано в историческом и этнопедагогическом аспектах социализация девушек кыргызского народа, содержание идеальных и реальных ценностей в соответствии с древними культовыми верованиями и традиционным образом жизни; этапы социализации по возрастным шкалам соответствующим социальным ролевым функциям женщин в традиционном кыргызском обществе, раскрывается как система, находящаяся в состоянии взаимозависимого развития в традиционном кыргызском обществе; охарактеризованы доминирующие факторы, методы и средства социализации девушек в традиционном кыргызском обществе; выявлено состояние и проблемы трансмиссии традиций социализации девушек кыргызского народа в современном обществе.

**Практическая значимость исследования:** результаты исследования могут быть использованы в следующих областях: при исследовании новых аспектов проблемы воспитания девушек в этнопедагогике; при разработке базовых ценностей национального воспитания программы обучения девушек в старших классах; в совершенствовании содержания курса «Кыргызской этнопедагогики» и других педагогических дисциплин в высших учебных заведениях.

**SUMMARY**

**of the dissertation research of Umarova Rita Nurdinovna "The system of socialization of girls in the traditional pedagogical culture of the Kyrgyz people" in the specialty 13.00.01-General pedagogy, history of pedagogy and education for the degree of candidate of pedagogical sciences**

**Keywords:** traditional culture, girls, socialization, values, age scales, upbringing, factors, methods, transmission.

**The purpose of the study:** to identify the ideals, factors, methods and means of socialization of girls in the traditional pedagogical culture of the Kyrgyz people.

**The object of research:** the experience of socialization of the younger generation in the traditional culture of education of the Kyrgyz people.

**The subject of the study:** the study of the experience of socialization of girls in traditional culture education of the Kyrgyz people and its transmission in the modern educational process.

**Researchmethods:** analysis of philosophical, historical and ethnographic, psychological and pedagogical literature, folklore heritage, registration of field research materials, selection, systematization, generalization and analysis, surveys, questionnaires, etc.

**Scientific novelty and theoretical significance of the study:** is reconstructed in historical and ethno pedagogical aspects, the socialization of girls of the Kyrgyz people, the content of ideal and real values in accordance with ancient cult beliefs and traditional way of life; the stages of socialization according to age scales corresponding to the social role functions of women in traditional Kyrgyz society is revealed as a system that is in a state of interdependent development in traditional Kyrgyz society;

The dominant factors, methods and means of socialization of girls in traditional Kyrgyz society are characterized; the state and problems of transmission of traditions of socialization of girls of the Kyrgyz people in modern society are revealed.

**Practical significance of the study.** The results of the study can be used in the following areas: in the study of new aspects of the problem of educating girls in ethno pedagogy; in the development of the basic values of national education of the program of education of girls in high school; improvement of the content of "Kyrgyz ethno pedagogy" and other pedagogical disciplines in higher education.